**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**24-сентябрь 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз V сессиясынын**

**№ 1- токтому**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамына, Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 22-февралындагы №53 «Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык, Кыз-Көл айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн коомдук угуулардын жыйынтыктарын эске алуу менен Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 18-сентябрындагы чыгыш № 368 сандуу катынын негизинде Кыз-Көл айылдык кеңешинин депутаттары талкуулап, Кыз-Көл айылдык кеңешинин кезексиз V сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары А.Абдыкалыковдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Кыз-Көл айыл өкмөтүндө көмүү жайларынын брондоонун кошумча кызматтарынын коэффициенти 22 500 сом өлчөмүндө түзүлгөн эсептик таблицасы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Кыз-Көл айыл өкмөтүндө көмүү жайларынын брондоонун кошумча кызматтары боюнча “Кыз-Көл Таза аймак” муниципалдык ишканасы менен түзүлгөн келишимдин үлгүсү №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн башчысы С.Абдурасуловго милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыз-Көл айылдык кеңешинин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Бул токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**